Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Чүй пр., 168
E-mail: mail@nbkr.kg
www.nbkr.kg

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын**
**2023-жылга каралган акча-кредит саясаты жөнүндө**
**БИЛДИРҮҮСҮ[1]**

2022-жылы тышкы чөйрөнүн өнүгүүсү олуттуу өзгөрүү менен коштолгон, бул Кыргыз Республикасынын экономикасына, анын ичинде жүргүзүлүп жаткан акча-кредит саясатына да түздөн-түз таасирин тийгизген. Мындай жагдай COVID-19 пандемиясынын кесепеттеринен улам көптөгөн факторлордун таасири астында, ошондой эле азык-түлүккө жана энергия продукцияларына дүйнөлүк баалардын өсүшүнүн сакталып турушу, геосаясий кырдаал жана инфляциянын глобалдуу мүнөзү менен шартталган. Мындай шарттарда бүтүндөй 2022-жыл ичинде Кыргыз Республикасында инфляциялык жагдай жогору деңгээлде сакталып турган. Керектөө бааларынын өсүшү, негизинен, монетардык эмес мүнөздө болуп, ал тышкы факторлордун сыяктуу эле, Кыргызстандын экономикасынын түзүмүнүн, атап айтканда импорттон жогору көз карандылыктын таасири астында шартталган.

Улуттук банктын акча-кредит саясаты 2023-жылы, кошумча таасирлер орун албаган шартта, инфляцияны 10 пайызга жакын деңгээлде колдоп турууга багытталат. Ошол эле учурда, тышкы чөйрөнүн потенциалдуу тобокелдиктери Улуттук банктын инфляцияны ооздуктоо боюнча аракеттерин начарлатышы мүмкүн. Тышкы тобокелдиктердин булактары катары геосаясий белгисиздик, дүйнөлүк энергия продукциялары жана азык-түлүк рынокторундагы жогору баалардын сакталуусу болушу мүмкүн, бул өз кезегинде, импорттолуучу товарлардын баасын жогорулатып, глобалдуу финансылык шарттарды андан ары да курчутушу мүмкүн. Ички тобокелдиктерге 2022-жылы орун алган фискалдык импульс таасири, тарифтерди жана акциздерди жогорулатуу мүмкүндүгү, ошондой эле ишканалардын жана үй чарбаларынын инфляциялык күтүүлөрүнүн жогорулашы мүмкүндүгүнүн сакталып турушу кирет.

Инфляция боюнча белгиленген максатка жетүү үчүн Улуттук банк өзүнүн бардык акча-кредит саясат инструменттерин колдонот. Тобокелдиктер келип чыккан учурда кошумча инструменттер колдонулат жана тиешелүү чаралар көрүлөт.

Экономикалык саясаттын бир бөлүгү болуп саналган акча-кредит саясаты Кыргыз Республикасынын экономикасын өнүктүрүүнүн жалпы стратегиясын ишке ашыруунун алкагында жүзөгө ашырылат. Макроэкономикалык туруктуулукту сактоо үчүн макулдашылган фискалдык жана монетардык саясатты, ошондой эле республикада түзүмдүк реформаларды жүргүзүү, анын ичинде инфляциянын монетардык эмес факторлорун кыскартуу артыкчылыктуу милдет болуп саналат.

Жүргүзүлүп жаткан акча-кредит саясатынын алкагында Улуттук банк төмөнкүлөргө басым жасайт: (1) акча-кредит саясатынын чараларынын бүтүндөй экономикага таасирин жакшыртуу; (2) акча-кредит трансмиссиянын пайыздык каналын күчөтүү; (3) жаңы инструменттерди киргизүү зарыл болгон учурда, акча-кредит саясатынын инструменттеринин натыйжалуулугун жана ийкемдүүлүгүн жогорулатуу; (4)

[1] Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2022-жылдын 23-декабрындагы № 2022-П-07/82-1-(ДКП) токтому менен жактырылган.

аналитикалык жана болжолдоо инструменттерин өркүндөтүү; (5) монетардык саясаттын коммуникациялык бөлүгүн жакшыртуу.

Акча-кредит саясаты боюнча тактикалык чечимдер банк системасындагы ликвиддүүлүктүн абалын, акча жана валюта рынокторунун өнүгүү тенденцияларын эске алуу менен, ошондой эле Кыргыз Республикасындагы экономикалык жагдайга жана анын өнүгүү келечегине жараша кабыл алынат. Өзгөрүлмө алмашуу курсунун режимине ылайык, Улуттук банктын ички валюта рыногуна катышуусу боюнча чечимдери алмашуу курсунун кескин өзгөрүшүн текшилөө максатында гана кабыл алынат.

2023-жылы бардык кызыкдар тараптар жигердүү катышкан шартта Улуттук банктын финансы секторунун туруктуулугун камсыз кылуу боюнча иши 2022-2025-жылдарга каралган банк жана микрофинансы секторун өнүктүрүүнүн негизги багыттарын, Кыргыз Республикасынын төлөм системасын өнүктүрүүнүн негизги багыттарын жана 2022-2026-жылдарга каралган Финансылык жеткиликтүүлүктү жогорулатуу стратегиясын ишке ашырууга багытталат.